www.nbisu.edu.kg

ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.10.02.200

УДК 4:494.3:808

Кол жазма укугунда

АБДЫКЕРИМОВА АИДА ЭСЕНГУЛОВНА

# КӨРКӨМ СӨЗДҮН ПОЭТИКАСЫ

Адистиги: 10.02.01 – Кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты

КАРАКОЛ – 2003

www.nbisu.edu.kg

Диссертациялык иш Касым Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчи: | филология илимдеринин доктору, профессор, Мусаев С.Ж. |
| Расмий оппоненттер: | филология илимдеринин доктору Усубалиев Б.Ш. филология илимдеринин кандидаты, доцент Ибрагимов С.И |
| Жетектөөчү мекеме: | Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тил илими кафедрасы |

Диссертациялык иш 2003-жылдын «____» ________________ саат _______ Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Тил илими институту менен К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинде түзүлгөн докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д.10.02.200 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265а

Диссертация менен КР ИУАнын борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2003-жылдын «___» ____________ жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты Г.З.Жамашева

www.nbisu.edu.kg

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Филология өз алдынча илим катары жаралганына нечендеген кылымдардын жүзү болсо да, анын көптөгөн аспектилери боюнча талаш-тартыштардын түйүнү бүгүнкү күнгө чейин эле чечиле элек. Сөз өнөрү же поэтикалык искусство жөнүндөгү илим катары поэтика да жалпы филологиянын өзү менен кошо калыптанып, өнүгүп келгенине карабастан, ага байланыштуу бир топ маселелер: поэтиканын предмети, сөздү көркөм чыгармада колдонуунун спецификасы жана аны анализдөөнүн ыкмалары, поэтикалык тил менен жалпы элдик тилдин, адабий тилдин карым-катышынан тартып поэтика менен лингвистиканын ортосундагы принципиалдуу байланыш ж.б. дале болсо талаш-тартыштарды жаратып келүүдө.

Поэтиканы жалгыз гана адабият таанууга тиешелүү тармак катары карап, анын лингвистика менен байланышын жокко чыгарган тенденциялар көркөм чыгарманы ар тараптуу жана толук талдоодон өткөрүүнүн принциптерин аныктоого кедергисин тийгизип келген. Ошентсе да көркөм сөз чыгармачылыгынын өзүндөгү позитивдүү процесстер жана лингвистикадагы айрым өзгөрүүлөрдүн натыйжасында поэтика менен лингвистиканын ортосунда ажырымдын жоктугу айкындалып, көркөм адабият лингвистикалык изилдөөлөрдүн да толук кандуу обьектиси экендиги негизделди. Ушул жагынан алганда, адабият таануу менен лингвистиканын чегинде турган тармак катары эсептелген лингвопоэтика изилдөөнүн тарыхый-филологиялык жана философиялык-эстетикалык, адабият таануучулук жана лингвистикалык, структуралык-лингвистикалык жана математикалык-статистикалык ыкмаларынын жардамы аркасында көркөм адабий чыгарманы ар тараптуу иликтөө милдеттерин иш жүзүнө ашырууга тийиш. Лингвопоэтиканын изилдөө обьектиси – жеке алганда көркөм адабияттын тили, жалпы алганда поэтикалык тил түшүнүктөрү. Ал эми анын конкреттүү изилдөө аймактарынын бири катары көркөм сөздүн поэтикасын эсептөөгө болот. Сөздүн поэтикасы дегенде, тар маанисинде алганда, акын-жазуучулардын, кеңири маанисинде – ар бир эле адамдын өз кебине жасаган чыгармачылык мамилесин түшүнүү зарыл. Демек, көркөм сөздүн поэтикасы - сөздүн поэтикалык тилдин бирдиги катары спецификасы.

**Теманын актуалдуулугу.**

Көркөм сөздүн поэтикасын иликтөө илимий-теориялык жактан лингвопоэтиканын кыргыз филологиясында жаңы дисциплина катары калыптанып-өнүгүшүн жана анын негизги обьектиси катары тилдин бардык манифестацияларындагы чыгармачылык аспектиси болгон поэтикалык тил түшүнүгү жана анын эң негизги бирдиги катары каралган көркөм сөз экенин ачып берүү менен шартталган болсо, илимий-практикалык жактан сөздүн табиятын, көркөм чыгармада алган ордун, семантикалык өзгөчөлүктөрүн, маанилик жактан өзгөрмөлүүлүгүн,

www.nbisu.edu.kg

образдуулугун, тилдик башка бирдиктер менен карым-катышын көрсөтүүгө негизделген. Себеби поэтикалык тилдеги сөз (көркөм сөз) кадыресе тилдеги ошол эле сөздөн айырмаланып, чыгарманын структурасында өзгөрмөлүүлүк, кубулмалуулук касиеттерине, валенттүүлүктүн жогору даражасына, контекстке ылайык түрдүү образдык ассоциацияларды жаратуу мүмкүнчүлүгүнө, чыгарманын жалпы семантикалык өзгөчөлүгүнө жана жеке алынган контексттин мазмунуна жараша экспрессема же «упаковкалоочу каражат» катары кызмат аткаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ бирдик болуп эсептелет. Ошондуктан көркөм чыгарманын негизги материалынын ар бир бирдигин ар тараптуу анализдөө аркылуу жалпы чыгарманы адабий аспектиде жана лингвистикалык аспектиде синтездешкен түрдө иликтөөгө алууга болот. Бул жагынан алганда, лингвопоэтика жана анын изилдөөлөрүнүн башкы аймагын түзгөн сөздүн поэтикасы адабият таануу үчүн да, тил илими үчүн да бир топ маанилүү жыйынтыктарды бере алат.

**Иштин негизги максаты жана маселелери**.

Иштин негизги максаты болуп тилдин чыгармачылык аспектиси болгон поэтикалык тил түшүнүгүн экспликациялоо жана көркөм чыгармадагы сөздүн орду жана ролу, колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу айрым маселелерди иликтөөгө алуу эсептелет. Ал эми бул максатты ишке ашырууда алдыга төмөнкүдөй маселелерди коюуга болот: 1) филологиялык дисциплина катары лингвопоэтиканын бүгүнкү күндөгү статусун, анын изилдөө предметин жана обьектисин аныктоо; 2) поэтикалык тил түшүнүгүн тилдик чындыктын өзгөчө формасы катары сыпаттоо; 3) поэтикалык тилдин негизги бирдиги болгон көркөм сөздүн жалпы табиятына, мазмуну менен формасынын ортосундагы карым-катышка байланыштуу маселелерди ачып берүү; 4) талдоого алынган материалдарды классификациялоо жана анализдөө менен, тандалып алынган экспрессеманын, эпитеттердин, бинардык метафоралардын, паронимдик аттракция кубулуштарынын жана чыгармалардын аталыштарынын лингвопоэтикасынын негизинде сөздүн поэтикалык айрым өзгөчөлүктөрүн жана поэтикалык тилдин спецификасын көрсөтүп берүү.

Иштин негизги максаты жана алдына коюлган маселелери изилдөө жүргүзүүдө төмөнкүдөй **метод, принцип, мамилени** колдонууну шарттады:

Лингвопоэтиканын өз алдынча филологиялык дисциплина катары статусу, анын негизги обьектиси болгон поэтикалык тил түшүнүгүнүн жалпы негиздери тарыхый жана оппозитивдик методдордун жардамы аркылуу түшүндүрүлсө, поэтикалык тилдин жана көркөм сөздүн семантика-структуралык, функционалдык өзгөчөлүктөрү система-структуралык анализдин интегративдик методу аркылуу талдоого алынды. Ал эми поэтикалык тилдеги бирдиктердин, элементтердин өз ара байланыштары, алардын функционалдык бүтүндүктү түзүшү суперлинеардык методдун жардамы менен иликтөөгө алынса, көркөм сөздүн чыгарманын структурасында колдонулуш өзгөчөлүктөрүн

www.nbisu.edu.kg

практикалык материалдын жардамы аркылуу чагылдырып көрсөтүү сыпаттама, компоненттик анализ, таксономиялык жана түздөн-түз түзүүчүлөр (непосредственно составляющих метод) методдорунун негизинде ишке ашыруу аракети жасалды.

Тилдик чындыктын өзгөчө формасы болгон поэтикалык тил түшүнүгү менен көркөм сөздүн жалпы табиятына, функционалдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу маселелер системалык, функционалдык-имманенттик принциптердин негизинде синхрондук аспектиде талдоого алынды.

**Иштин илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси**, баарыдан мурда, кыргыз филологиясында поэтикалык изилдөөнүн жаңы обьектиси болгон **сөз** көркөм чыгарманын тилинин, поэтикалык тилдин негизги бирдиги катары семантикалык, структуралык, функционалдык аспектиден териштирилгендигинде; сөздүн лексикалык же мофологиялык-синтаксистик өзгөчөлүктөрү эмес, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, көркөмдүк касиет-кунарын ачып берүүгө аракет жасалгандыгында жана анын негизинде лингвопоэтиканын келечекте изилдей турган маселелери үчүн багыт боло ала турган автордук көз караш, сунуш-пикирлердин иштелип чыккандыгында.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын лингвостилистика жана лингвопоэтика, поэтика боюнча иликтөөлөрдө, жогорку окуу жайларында адистик курстарды окутууда колдонууга болот.

Иштин **теориялык-методологиялык негизи** катары илимий-теориялык мүнөздөгү эмгектерде айтылган жоболор пайдаланылды. Ал эми сөздүн поэтикасына тийиштүү теориялык жоболордун практикалык көрсөткүчү катары кыргыз поэзиясынын материалдары кызмат кылды.

**Иштин апробациясы.**

Коргоого коюлган илимий-теориялык жоболор, практикалык сунуштар жана темага байланыштуу айрым маселелер «Кыргыз тили жана адабияты» (2002, №4), «Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова» (2002, №8), «Вестник БГУ» (2003, №1) журналдарында, акад Б.М.Юнусалиевдин 90 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдарында (2003), «Өрнөктүү өмүр, өчпөс талант» жыйнагында (2003) жарык көргөн макалаларда апробацияланып, изилдөөнүн материалдары К.Тыныстанов атындагы ЫМУда «Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча билим алган студенттер үчүн «Көркөм сөздүн поэтикасы» аттуу атайын адистик курсту окутууда пайдаланылууда.

Диссертация К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз тил илими жана кыргыз адабияты кафедраларында талкууланган.

**Иштин көлөмү жана структурасы**.

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки главадан, жалпы корутундудан, пайдаланылган көркөм жана илимий адабияттардын тизмелеринен турат.

www.nbisu.edu.kg

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, негизги максаты жана маселелери, талдоонун метод, принцип, аспектилери, изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси, иштин апробацияланышы тууралуу маалыматтар камтылды.

I глава «Көркөм сөздүн поэтикасы филологиялык биримдиктин катарында» деп аталып, анда лингвопоэтиканын бүгүнкү күндөгү статусу, анын негизги объектилери болгон поэтикалык тилди жана көркөм сөздү функционалдык-структуралык, семантикалык анализге алуунун негиздери каралып, бул түшүнүктөрдүн жалпы табиятына, спецификалык өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү илимий-теориялык маселелер сыпаттоого алынган.

Азыркы учурда сөз өнөрүн жалпылап изилдөөчү илимге ыйгарылып жүргөн «поэтика» деген аталыш алгач Аристотель тарабынан жалпы эстетикалык категория катары колдонулуп, поэтикалык искусствонун аталышы катары да, поэзия жөнүндөгү, поэтикалык искусствонун түрлөрү, жанрлары жана алардын өнүгүү мыйзамдары жөнүндөгү илимдин аталышы катары да каралып, бул терминге көркөм адабияттын теориясы да, практикасы да сыйдырылган. Көркөм адабиятка гана тиешелүү термин катары «поэтика» XIX к. ортосуна чейин өзүнүн жалпы эстетикалык категория катары маанисин жоготпосо, XIX к. орто ченинен тартып, алгач А.Н.Веселовскийдин «тарыхый поэтика», андан соң А.А.Потебнянын «теориялык поэтика» боюнча концепцияларынын негизинде өзүнүн маанисин өзгөрткөн. Өзгөчө, А.А.Потебнянын көркөм чыгарманын структурасы менен сөздүн структурасын окшоштуруп кароо идеясына негизделген поэтикалык концепциясы кийин В.В.Виноградов, В.М.Жирмунский, Б.В.Томашевский, М.М.Бахтин ж.б. окумуштуулар тарабынан колдоого алынып, андан ары өнүгүүгө ээ болгон.

Жалпылап алганда, поэтика – поэтикалык искусство жөнүндөгү илим. Бирок поэтика жалгыз эле адабият таанууга тиешелүү тармак эмес, анын предмети жана изилдөө обьектиси, изилдөөнүн ыкмалары менен жолдору, принциптери жалгыз адабият таануунун жана адабият тарыхынын чегинде гана каралбайт. Анткени поэтиканын предмети - көркөм адабият, ал эми адабият өзүнөн-өзү жашоочу көрүнүш эмес. Анын эң негизги каражат-материалы – тил. Тил гана коммуникациялык процесстин бардык көрүнүштөрүн, алардын ичинде адабиятты да обьективациялоочу ролду ойноп келген. Өз кезегинде, тил - өзүнүн бүткүл система, структура, функция жана семантикасы менен лингвистиканын обьектиси. Демек, поэтика лингвистика менен ажырагыс байланышта каралышы зарыл, же поэтика көркөм чыгарманы бүтүндүк катары: идея-тематикалык структурасын менен тилдик реализациясын бири-бирине байланышта изилдеши талапка ылайык.

Көркөм чыгармага лингвистикалык иликтөө жүргүзүү зарылдыгы төмөнкү себептер менен шартталган: бир жагынан, вербалдык белгилердин мүмкүн болгон комбинацияларын жана функцияларын

www.nbisu.edu.kg

изилдеп-үйрөнүүнү милдет катары эсептеген лингвистика тилдин поэтикалык функциясына кайдыгер карабашы керек; экинчи жагынан, поэтикалык функция белгилөөчү менен белгиленүүчүнүн биримдиги катары терең лингвистикалык талдоого муктаж.

Көркөм-адабий чыгарманы лингвистикалык аспектиде да, адабий аспектиде да ар тараптуу изилдөөчү комплекстүү илим болуп эсептелген лингвопоэтика - жалпы алганда, тил илими менен адабият таануунун тогошуусунда турган эки тараптуу дисциплина. Лингвопоэтиканын жумушчу аныктамасы - тилдин поэтикасы. Демек, лингвопоэтиканын системалык түзүлүшүнүн негизин көркөм чыгармадагы тилдик фактылардын классификациясы түзүш керек. Лингвопоэтика көркөм чыгарманын жана адабий системанын структурасындагы негизги компоненттерди бөлүп көрсөтүп, алардын формалдык структуралар менен байланышын ачып берет. Демек, лингвопоэтика - жеке алганда, көркөм чыгарманын тилин, жалпы алганда, тилдин поэтикасын изилдеп-үйрөнүүчү филологиялык дисциплина. Ал филология илиминин риторика, стилистика, лингвостилистика, кеп маданияты, фольклористика, оозеки кепти изилдөө сыяктуу тармактары менен да карым-катышта болуп, филологиялык бүтүндүктүн катарында туруусу талапка ылайык.

Лингвопоэтиканы өз алдынча филологиялык дисциплина катары карап, анын изилдөө обьектиси поэтикалык тил же көркөм адабияттын тили деп эсептөө үчүн көптөгөн зарыл түшүнүктөр дале так аныктамага ээ боло элек экендиги жашыруун эмес. Лингвопоэтиканын өзү, анын обьектиси катары каралган **поэтикалык тил** менен **көркөм адабияттын тили**, ошондой эле **адабий тил** ар түрдүүчө түшүндүрүлүп келүүдө, ошондой эле көркөм кептеги, көркөм чыгармадагы сөздүн ордуна жана ролуна байланышкан маселелердин башы ачыла элек. Лингвопоэтиканын предмети катары тилдин бардык манифестацияларындагы чыгармачылык аспектиси каралат. Бул аспектинин эң негизги түшүндүрмөсү болуп ар бир адамдын кебинде колдонулган өзгөчө система - поэтикалык тил түшүнүгү - эсептелет.

XX к. 20-жж. тартып филолог-окумуштуулар эчактан бери эле белгилүү болгон поэтикалык тил түшүнүгүн кайра кароого жана ага аздыр-көптүр так аныктама берүүгө, анын көркөм адабияттын тили жана адабий тил түшүнүктөрү менен карым-катышын тактоого аракеттенип келишүүдө. Себеби адабий тил, көркөм адабияттын тили, поэтикалык тилдин ортосундагы өз ара байланыш, карым-катыш структуралык жагынан алганда да, функционалдык жагынан алганда да татаал жана көп кырлуу болуп эсептелет.

Лингвопоэтика түптөлө баштагандан бери поэтикалык тил, көркөм адабияттын тили жана адабий тил түшүнүктөрүнүн ортосундагы карым-катыш боюнча төмөнкүдөй негизги көзкараштар орун алып келгенин белгилөөгө болот:

1) ОПОЯЗдын көзкарашы боюнча кадыресе практикалык тил (жалпы элдик тил) жана поэтикалык тил – эки башка система. Адабий тил кадыресе практикалык тилдин бөлүгү:

www.nbisu.edu.kg




2) Прага лингвистикалык тобунун, Я.Мукаржовскийдин көзкарашы боюнча поэтикалык тил менен адабий тил бири-бирине теңтайлаш, өз алдынча көрүнүштөр:




3) В.Виноградовдун концепциясы боюнча көркөм адабияттын тили – адабий тилдин бир стили:




4) А.В.Калининдин концепциясы боюнча көркөм адабияттын тили түшүнүгү адабий тил түшүнүгүн өз ичине камтыйт:




5) Косериунун концепциясы боюнча поэтикалык тил көркөм адабияттын тилин өзүнө сиңирген өтө кеңири түшүнүк, ал эми адабий тил поэтикалык тилдин ичине камтылат:



www.nbisu.edu.kg

Адабий тил – сөз устаттары тарабынан иштелип чыккан, калыпка салынган, үлгүлүү тил, жалпы элдик тилдин чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы болуу менен, өзгөчө нормалар аркылуу башкарылган катмары. Адабий тил нормативдик көрүнүш болгону менен, катып калган, өзгөрбөс туруктуулук эмес. Ал тарыхый-социалдык өзгөрүүлөр менен бирдикте өзгөрүп, байып отурат. Адабий тилдин өркүндөөсү, баюусу, тазалыгы жана ийкемдүүлүгү жагдайында адабиятка көрүнүктүү роль таандык, анткени адабий тилдин нормалары, негизинен, көркөм адабиятта иштелип чыгат. Башкача айтканда, адабий тилди тилдин стилдеринин татаал динамикалык системасы, ал эми көркөм адабияттын тилин андан да татаал система катары кароого болот. Себеби көркөм адабияттын тилинин системасына адабий тилдин стилдери менен катар адабий тилге туура келбеген стилдер да кирет. Көркөм адабияттын тили – тар маанисинде, көркөм чыгармаларды түзгөн тил (фонетикасы, лексикону, грамматикасы), кеңири маанисинде, көркөм тексттердин негизинде турган система. Ал – поэтикалык тилдин функционалдык пландагы максималдуу көрүнүшү катары каралган татаал динамикалык система. Ал эми поэтикалык тил – жалпы элдик тилдин бардык подсистемаларын камтыган татаал түзүлүштөгү иерархия, анда стандарт/чыгармачылык, патология/норма, традиция/жаңычылдык оппозициялары катар орун алат. Демек, «поэтикалык тил - «бүткүл» тилди камтыган иерархиялык структурадагы глобалдык обьект; көркөм адабияттын тили – поэтикалык тилдин потенциалын чагылдырган фрагменти; адабий тил – көркөм адабияттын тили менен поэтикалык тилдин ядросу, алардагы закон-нормалардын редукциясы»[1].

Демек, алардын ортосундагы карым-катыш, байланышты төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:




[1] Григорьев В.П. Поэтика слова. М.: Наука, 1979, 78-79-бб.

www.nbisu.edu.kg

Поэтикалык тилдин функциясы – тилдик айтымды максималдуу түрдө актуализациялоо. Ал эми анын эң башкы белгиси деп андагы тыбыштык формага ээ болгон бир мазмундун экинчи бир мазмунга форма катары кызмат өтөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу эсептелет, тактап айтканда, поэтикалык тилде тилдик элементтин чыныгы мааниси анын түз мааниси менен гана чектелбейт; тыбыштык форма менен берилбеген кеңири мааниге (ички формага) ээ болот. Ички форма – поэтикалык тилдин маңызын түзгөн туруктуу касиети.

Поэтикалык тилди теориялык жактан сыпаттоонун татаалдыгы кадыресе тил, поэтикалык кеп жана көркөм чыгарманын мазмунунун карым-катышы менен шартталат. Мында «база» катары табигый тилди жана «надстройка» катары поэтикалык тилди эсептөөгө болот. Тигил же бул түрдөгү сүрөттөө-чагылдыруу чындыкка карата изоморфтуу карым-катышта турат, бул болсо кадыресе практикалык тил менен поэтикалык тилдин ортосундагы байланыштын мүнөзүн шарттайт. Кадыресе тил жогорку деңгээлдеги «ашыкчалыкка» (избыточность) ээ. Бир эле маани анда түрдүү жолдор менен туюндурулушу ыктымал. Поэтикалык тилдин структурасында «ашыкчалык» азаят, себеби анда бир форма башка бир форма менен параллель коюлуп, алардын ортосунда аналогиялык же контрасттык карым-катыш келип чыгат.

Кадыресе практикалык тил менен поэтикалык тил алардагы белгинин ролуна жараша түрдүү системалар деп эсептелет. Тилдин белгилик касиети поэтикалык тилдин системасында спецификалык мүнөзгө ээ: кадыресе тилде элемент болуп эсептелген көрүнүш поэтикалык тилде компонентке айланат да, башка детерминацияга ээ болот; тилдик белгинин асимметриялык дуализми ачык байкалат. Ошондой эле, кадыресе практикалык тилде референт менен түз байланыш жүрсө (сөз – түшүнүк - предмет), поэтикалык тилде сөздүн аткарган кызматы образ менен татаалданат (сөз – образ – түшүнүк – предмет). Поэтикалык тилде стилистикалык элементтердин композициялык функциясы өзгөчө мааниге ээ болот. Мында тилдик бирдиктер курулуш материалы катары гана колдонулат, ал эми алардын артында татаал түзүлүштөгү тилден сырткаркы структуралар турат. Аларда тилдик элементтер - маселенин бир гана жагы, экинчи жагы – маанинин трансформация, окшоштуруу, жакындаштыруу, контраст операциялары аркылуу уюшулган жаңы элементтери. Тилдик бирдиктер поэтикалык контекстте башка мааниге, башка функцияга өтөт.

Поэтикалык тил – бир бүтүн көркөм дүйнөнүн чындыгы. Ошондуктан тил поэтикалык тексттин формасы гана эмес, мазмуну да болуп эсептелет. Поэтикалык тилдин бардык элементтери эстетикалык жактан уюшулган түргө ээ болуп, кандайдыр бир көркөм маниге ээ жана жалпы бир көркөм милдетке баш иет. Көркөм-адабий чыгармада кабарлоочу-билдирүүчү аспект кошумча эстетикалык факторду талап кылат. Кадыресе практикалык же табигый тилдин элементтери көркөм текстте стилистикалык фондун ролун аткарат, анда табигый тилдин

www.nbisu.edu.kg

грамматикалык структурасы поэтикалык тилдин эстетикалык структурасына өтөт. Поэтикалык тилде сөздүн мааниси экиге ажырайт, же кадыресе тилдеги потенциалдык маани поэтикалык тилде көркөм мааниге айланат. Ал эми сөздөрдүн түз жана өтмө маанилерини ортосундагы карым-катышы поэтикалык тилдин базасы болуу менен, көркөм чыгарманын семантикасында аныктоочу фактор катары чоң роль ойнойт.

Жалпылап алганда, поэтикалык тил – өзгөчө эстетикалык система, поэтикалык тилдин негизги функциясы – эстетикалык чен-өлчөмдөр аркылуу бааланган поэтикалык көркөм дүйнөнү чагылдырып берүү. Анда тилдик үлүш да, адабий үлүш да бирдей мааниге ээ болгондуктан, аны лингвопоэтиканын обьектиси катары кароого толук негиз бар.

Жогоруда белгиленгендей, поэтикалык тил глобалдык обьект катары каралгандыктан, бөлүштүрүүгө, стратификациялоого, бөлүктөрүнүн функционалдык иерархиясын аныктоого муктаж. Поэтикалык тилдин теориясы жана тарыхынын өнүгүүсүндөгү тилдик үлүш/адабий үлүш дихотомиясы лингвопоэтиканын конкреттүү изилдөө тармагынын негизгиси катары көркөм сөздүн поэтикасын эсептөөнү шарттайт.

Кадыресе кепте сөздөр даяр, жетилген материал катары колдонулат да, мында алар бир гана белгилүү мааниге ээ болот. Сөздөрдүн нейтралдык маанилери бардыгына түшүнүктүү болуу менен, тилдин жалпылыгынын негизин шарттайт. Традициялуу стилистикалык алкактагы сөздөр өзүн, өз предметин, өз контекстин, өзүнүн түз экспрессиясын гана «тааныйт». Күндөлүк колдонулган кадыресе сөздөр көркөм алкакка түшкөндө, башкача айтканда, жаңы стилистикалык чөйрөгө кабылганда кескин өзгөрүүгө дуушар болуп, көркөм-экспрессивдик салмагы дароо өсөт. Себеби акын-жазуучулар күндөлүк кепте колдонулган кадимки сөздөр аркылуу эле поэтикалык кепти, же көркөм чыгарманы жаратат. Бирок ошол кадыресе сөздөр көркөм алкакка кабылганда гана «толуп жетилип, өзүнүн чырайына чыгып, күчүнө келет; өң-түс, доош, мукам, жытка ээ болот. Көркөм чыгармадагы сөз – куду эле жандуу нерсе, анткени ал өзүнүн бүткүл дүйнөсүн, өзүндөгү бүткүл карама-каршылыктарды көркөм чыгармада гана ачып берет»[2].

Сөз – көркөм чыгарманын тилдик жактан уюшулушунун баштапкы жана эң негизги элементи. Ал чыгармадагы негизги бирдиктердин сызыктуу-баскычтуу кыймылынын негизинде туруп, көркөм алкакка түшкөндө «маанинин өсүү» мыйзамдары боюнча жашай баштайт. Чындыгында эле, көркөм сөздүн чыныгы мааниси анын номинативдик-предметтик түз мааниси менен чектелип калган түшүнүк эмес. Сөздүн нейтралдуу номинативдик мааниси кептин белгилүү бир шарттарында башка жаңы маанилер менен кошумчаланат. Көркөм текст информативдик жактан аякталган көрүнүш болуп саналгандыктан, ага эч нерсе кошууга да болбойт, андан бир нерсени алып салуу да мүмкүн эмес. Бирок анын негизги субстанты катары саналган сөз маанисин

---

[2] Óñóáàëèåâ Á. Ê º ðê º ì ÷ûãàðìàãà ëèíãâîñòèëèñòèêàëûê èëèê. Áèøråê, 1994, 4-á

www.nbisu.edu.kg

көбөйтүү, өзгөртүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Эстетикалык планда сөз татаал ички түзүлүшкө, башкача айтканда, ички формага ээ. Ал эми сөздүн ички формасы – туунду сөздөгү тубаса негиздин семантикасынын калдык элементи, ал предметтин аталышын жараткан белги жөнүндө элес берип, ошол аталышты жүйөлөйт. Ички формага ээ болгон сөздөр өз маанисинде эки түрдүү маалыматты камтыйт: предметти көрсөтүү жана ошол предметтин аталышына негиз болгон белгини көрсөтүү.

Кадыресе сөздүк белгилердин бардыгы тең эле ички формага ээ боло бербейт. Ички форма поэтикалык тилдеги сөздөргө жана анын бардык деңгээлиндеги бирдиктерине гана тиешелүү. Ички форма кадыресе тилде байкалбай, жашырынып көмүскөдө турат да, поэтикалык тилде жанданып, мааниге жана күчкө ээ болот, тактап айтканда, сөздүн жүйөлөнүүчүлүк же кошумча маани жаратуу жөндөмдүүлүгү реализацияланат. Көркөм сөздүн ички формага ээ болушу – поэтикалык тилдин маңызын түзгөн туруктуу өзгөчөлүгү. Кошумча жүйөлөнүү процессинде тилдик белгилер поэтикалык рефлексиянын бирдиктүү, бирок өз алдынча обьектилери катары кызмат аткарып, улам жаңы көркөм мааниге ээ болгон мазмундуу формалар болуп саналышат.

Сөз көркөм алкакка түшкөндө анын сырткы тыбыштык түзүлүшү менен түз мааниси сакталып кала берет, ал эми анын «жаңы» маанилери контекст менен өзгөрүп, алмашылып турат. Мында ар бир жаңы маани жаңы образды, образдык ассоциацияны жаратат. Өз алдынча турганда образ боло албаган жана байкаларлык «образдык жүк» көтөрбөгөн, бирок белгилүү бир логикалык түшүнүктү билдирген сөздөр көркөм чыгармада көмүскөдө катылып жаткан стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн сыртка чыгарып, образды же образдарды пайда кылат. Сөзсүз образ болушу мүмкүн эмес. Көркөм чыгарманын негизги материалы болуп образдар эсептелет деген көз караштар обьективдүүлүккө туура келбейт, анткени көркөм чыгармада сөздөн сырткары турган образ – жылаңач абстракция. Демек, ой-сезимди образдуу туюндуруу дегенде аларга сөздүн жардамы аркылуу керектүү форманы табуу деп түшүнүү зарыл. Сөз өзүнүн табияты боюнча көп маанилүү болгондуктан, сөздөн пайда болгон образдар да ар түрдүү келет. Образды сөз аркылуу туюндурулган түшүнүктөрдүн субьективдүү жана өзгөрмөлүү толуктагычы катары каралоого болот. Бир эле сөз тегерегиндеги сөздөр менен байланышына, контекстке ылайык түрдүү, кээде бири-биринен алыс турган же карама-каршы келген образдарды жаратат. Белгилей кетүүчү нерсе: көпчүлүктүн түшүнүгүндө стереотип болуп калгандай, образды сөздүн метафоризациясы менен гана байланыштуу кароо – чектелгендик. Сөздүк образды жаратуу үчүн сөздөрдүн семантикалык мүнөздөмөсү, социалдык-тарыхый чыпкадан өтүшү, стилистикалык ыраң-түсү гана кызмат кылбастан, көп учурда грамматикалык мүнөздөмөсү, тыбыштык түзүлүшү, синтаксистик жана фразеологиялык мүмкүнчүлүктөрү, поэтикалык этимологиясы олуттуу роль ойнойт. Сөз түмөндөгөн образдык мүмкүнчүлүктөргө ээ, алардын чыгармада түрдүү жолдор

www.nbisu.edu.kg

менен жүзөгө ашуусу троптор жана фигуралар проблемасы менен байланыштуу.

«Сөз» деген түшүнүк өтө кеңири мааниге ээ болуп, кадыресе тилдин лексика-семантикалык бирдигин да, поэтикалык тилдин негизги семантика-структуралык бирдигин да туюндургандыктан, көркөм сөздү, башкача айтканда, ички формага, көп маанилүүлүк, образдуулук, өзгөрмөлүүлүк белгилерине ээ болгон сөздүн тилдеги чыгармачылык аспектисин тагыраак көрсөтүү максатында шарттуу түрдө «экспрессема» терминин колдонуу талапка ылайык. Аталган термин поэтикалык тилдин бирдиктерин бөлүп көрсөтүү үчүн советтик филологияда 60-70-жж. аздыр-көптүр пайдаланылып келе жатат.

Экспрессема катары каралган сөздүн мазмундук структурасында, баарынан мурда, туюндуруунун спецификалык планы маанилүү болуп эсептелет. Эстетикалык реализацияда сөздүк бирдиктердин семантикалык структурасы трансформацияланып, лексема экспрессемага айланат. Экспрессема – тилдеги даяр көрүнүш, ошол эле учурда чыгармачылыктын материалы жана куралы да болот. Поэтикалык тилдин негизги бирдиги болгон экспрессема ошол сөздү колдонуу контексттеринин маданий-тарыхый парадигмасы болуп эсептелет.

Поэтикалык тилде негизги бирдиктер – экспрессемалар менен катарлаш «упаковкалоочу каражаттар», же «монтаждоочу каражаттар», болбосо «функционалдык сөздөр» деп аталган бирдиктер да орун аларын жокко чыгара албайбыз. Поэтикалык тилде айрым компоненттер абдан зор жана даана байкаларлык роль ойносо, кээ бирлеринин ролун байкоо мүмкүн эмес. Жалаң эле экспрессемалар эмес, эстетикалык мааниге ээ болбой, стандарттуу түрдө колдонулган «упаковкалоочу каражаттар» да - толук маанилүү сөздөр жана негизинен, кызматчы сөздөр – поэтикалык тилдин бирдиктери болуп эсептелишет. «Упаковкалоочу каражат» деген түшүнүктү сөздүн функциясы катары кабыл алуу шартка ылайык. Анткени поэтикалык тилдеги ар бир сөздө «поэтикалык», «образдуу», «экспрессема» болуу мүмкүнчүлүгү да, жалпы фонду түзүп, экспрессемаларды байланыштыруучу «упаковкалоочу каражат» болуу мүмкүнчүлүгү да бар.

Жыйынтыктап алганда, сөз көркөм адабий кепте байкаларлык даражадагы өзгөрмөлүүлүк, кубулуу касиетине, семантикалык жактан татаалдануу касиетине ээ болгон бирдик катары курч талаш-тартыштардын предмети болуп келүүдө. Сөздүн поэтикасынын артында ар бир сүйлөөчүнүн өз кебине жасаган чыгармачылык мамилеси, көркөм кептеги сөздүн өзгөчөлүктөрү жатарын түшүнүү зарыл. Демек, сөздүн поэтикасы – бир жагынан, обьектинин аталышы, экинчи жагынан, тил илими менен адабият таануунун кесилишинде турган лингвопоэтиканын составдык компоненти.

Иштин II главасы «Көркөм сөз чыгарманын структурасында» деп аталып, анда I главада белгиленген жалпы теориялык жобо, көзкараштар практикалык материалдардын негизинде чагылдырылып берилген. Мында негизги материал катары көркөм адабияттын поэзия жанры,

www.nbisu.edu.kg

башкача айтканда, ыр түрүндөгү чыгармалар алынды. Анткени поэтикалык тилдин, көркөм сөздүн поэтикасынын өзгөчөлүгүн чагылдыруу-түшүндүрүү үчүн бир кыйла көрсөтмөлүү жана бай материал болуп поэзия же ыр түрүндөгү чыгармалар эсептелет.

Поэтикалык тилдин негизги бирдиги болгон экспрессеманын маанилик-структуралык составына байланыштуу маселелерди алгач бир сөздүн мисалында чагылдырып берүү оңтойлуураак. Андай сөздү тандап алуу төмөнкүдөй критерийлер боюнча жүргүзүлдү :

1) азыркы поэзияда жыш кездешүүсү; 2) ички формага ээ болуусу; 3) ар түрдүү жана татаал мүнөздөгү өзгөрмөлүүлүк касиетине ээ болуусу; 4) валенттүүлүгү; 5) номинативдик маанисинин түшүнүктүүлүгү.

Кыргыз поэзиясынын материалдарын талдоодо жогорудагы критерийлерге жооп бере турган «шамал» деген экспрессемага токтолууну ылайык көрдүк. *Шамал* экспрессемасын азыркы поэтикалык тилде мүнөздөөчү контексттер парадигмасын поэзияда көп колдонулган традициялык мисалдар түздү. Аталган экспрессеманын поэтикалык тилде колдонулушун төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот:

**А. Жандандыруу (олицетворение).** *Шамал* экспрессемасы поэтикалык чыгармаларда түз номинативдик маанисиндей табият кубулушу эмес, жандуу нерсе катары кабылданган образдарды жаратуу касиетине ээ: 1) экспрессема каратма сөздүн функциясында колдонулганда: *Кымбатыма алдым жасанып/ Шамал, шамал, бузба чачымды* (А.Узакова) ж.б.; 2) экспрессема жандуу заттарга мүнөздүү кыймыл- аракетти билдирүүчү предикаттар менен айкашып келгенде: *Боз кыроодой айдын муздак жарыгы/Жерди каптап <u>бийлеп жүрөт</u> шок шамал* (Т.Закирова)ж.б.; 3) жалпылагыч сөздөн кийин чечмелөө маанисинде колдонулган бир өңчөй мүчөлөрдүн бири катары кызмат аткарганда: *Ырларымды желге сынатам/<u>Сынчыларым</u> – шамал, бороондор* (Р.Рыскулов) ж.б.

**Б. Экспрессема менен колдонулган эпитеттер.** Кыргыз поэзиясында *шамал* экспрессемасына колдонулган эпитеттердин алкагы өтө кеңири жана ар түрдүү. Экспрессеманын улам жаңы маанисин ачып берүүчү эпитет катары зат атоочтор, сын атоочтор, этиштин атоочтук формалары, ажырагыс тизмектер пайдаланылган. Ар түрдүү контексттерге жараша ***шамал*** *муз, таш, муздак, ичиркенткич, салкын, сергиткен, шыргалаңдуу, тикенектүү, жылуу, ысык, катуу, күчтүү, шок, элпек, кылыктуу, таза, үлпүлдөк, сулуу, иттей ачка, бир кап, көп, карыз, кайсар, муңдуу, кызыл, кара , боз, бозоргон, ак, миң тараптуу, алдамчы, жаш, удургуган, оргу-баргы* ж.б. эпитеттер менен сыпатталышы талданган материалдардан дайын болду.

**В. Генитивдик конструкцияларда колдонулушу.** *Шамал* экспрессемасы генитивдик конструкциялардын дээрлик көпчүлүгүндө тигил же бул метафоралык семага ээ болуп, салыштырмалуу түрдөгү туруктуу символдун милдетин аткарат. Мындай конструкцияларда генитив катары жандуу, конкреттүү заттар, табигый көрүнүштөр менен катар абстракттуу түшүнүктөр да алынган; генитивдер өзүнүн мүнөздүү

www.nbisu.edu.kg

формасы – илик жөндөмөнүн мүчөсү менен да, мүчө кыскараган түрүндө да колдонулган: *Такаат берип шамалына тагдырдын/Тилек мисал күйө берип жалындап* (Ж.Мамытов); *өзөндө мелт-калт агат тоо шамалы* (Т.Кожомбердиев) ж.б. Айрым генитивдик конструкцияларда *шамал* экспрессемасынын өзү генитив катары кызмат аткарып, түрдүү маанидеги компоненттер менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ: *Шамалдын куну жетпес/Күүң бар күкүктөгөн* (Ш.Дүйшеев) ж.б.

**Г. Салыштыруунун образы жана предмети катары.** *Шамал* экспрессемасы поэтикалык материалдарда салыштыруулардын образы катары да, предмети катары да колдонулуп, салыштыруунун образында көбүн эсе кыймыл-аракеттин ылдамдыгын туюнтуучу белгиге ээ болот: *Бет маңдайдан эскен кайсар шамалдай/Мени жанып жылдар учуп баратат* (Ж.Мамытов); *Ыркырайт бирде шамал карышкырдай/Кирерде созолонот назик ырдай* (Т.Кожомбердиев) ж.б.

**Д. Башка түрдөгү колдонулуштар.** Тандалып алынган экспрессема айрым контексттерде ажырагыс тизмектерден турган татаал эпитеттердин компоненти катары кызмат аткарып, денотаттын сапат-касиетин көрсөтүүдө күчөтүүчү ролду ойногон: *Шашат, шашат шамал канат кылым да/Шайы келбей бир дем алып токтошко* (С.Жигитов) ж.б. Мындан сырткары, кээ бир учурларда шамал экспрессемасы чечмелөө маанисинде да колдонулат: *Теше тиктеп, терең теңшеп карасаң/Деңиз – акын, жүрөк – толкун, шамал – шык* (К.Тыныстанов).

**Е. Паронимдик аттрактанттар.** Поэзиядагы аллитерация, ассонанс, сингармонизм, диссимиляция сыяктуу көрүнүштөр паронимдик аттрактанттардын кеңири колдонулушун шарттайт. Шамал экспрессемасы да бир катар сөз формалары менен тыбыштык аттракция түзө алган: *Дайрадай шамал агат тармал-тармал…*(Т.Кожомбердиев); *Адашып аалам кезген арманымды/Акмуздун шамалы аста сабап турар* (Ш.Дүйшеев) ж.б. Конкреттүү берилген контексттердеги *шамал* экспрессемасынын башка сөздөр менен тыбыштык жактан жакындашуусу поэтикалык тилдин референттик функциясы аркылуу аныкталат.

Жалпылап алганда, кыргыз профессионалдык поэзиясында *шамал* экспрессемасынын колдонулушуна жогоркудай мүнөздөмө берүүгө болот. Алынган контексттердин дээрлик бардыгында тең жалпы элдик тилдеги бирдик болгон ***шамал сөзүнүн*** ички формасы номинациянын белгиси же негизи катары сакталгандыгы, ал эми поэтикалык тилдин бирдиги болгон ***шамал экспрессемасынын*** ички формасы ар бир жаңы контекст менен өзгөрүп, байып отурганы, ошону менен катар, улам жаңы образдык ассоциацияларды жаратуу жөндөмдүүлүгүнө ээ экендиги айкын болду. Материалды жогоруда көрсөтүлгөндөй топтор аркылуу сыпаттоо менен эле, экспрессеманын өзгөрүү контексттери өтө татаал жана көп түрдүү экендиги белгилүү болду. Демек, жеке эле *шамал* эмес, поэтикалык кыргыз тилиндеги ар бир экспрессема өз алдынча талдоо обьектиси болуу мүмкүнчүлүгүнө толук ээ деп айтууга болот.

Көркөм сөздүн поэтикасына байланыштуу маселелерди ачып берүүдө экспрессема катары бир сөздүн структурасын талдоодон соң

www.nbisu.edu.kg

денотатты туюндуруунун түрдүү сөздүк-образдык ыкмаларын сыпаттап-чагылдырууга өтүүгө болот. Сөздөн образга өтүүнүн ыкмаларын талдоо үчүн адегенде образдан сөзгө өтүүнүн жолдорун белгилеп алуу шартка ылайык. Көркөм тексттеги сөздүк-образдык карым-катыш проблемасынын бир көрүнүшү катары поэтикалык кепти уюштуруунун көп кырлуу жана кызыктуу ыкмасы болгон перифраза эсептелет. Перифраза көркөм адабиятта көркөм таанымдын спецификалык каражаты катары саналат. Ошого карабастан, ал поэтикалык тилдин маанилүү кубулушу катары өз алдынча изилдөө обьектисине айлана элек.

Перифраза денотативдик деңгээлди аталыштын жаңы, синтаксистик жактан жиктелген формасы түрүндө көрсөтөт. Мында перифразалык конструкциядагы таяныч сөздү, болбосо тигил же бул компонентин метафоризациялоо зарыл деле эмес, эң негизгиси – кыйытып айтуу орун алуусу шарт. Перифразалар тексттин адабий процесстен бөлүнүп турган, атомардык фактылары катары эмес, образдардын түрдүү системалары, поэтикалык тилдеги «образдык талаалар» менен байланыштуу фактылар катары каралат.

Көркөм адабияттагы перифразаларды кеңири планда ар тараптуу талдоого алуу «тексттин тереңдиги» катары бааланган подтекст проблемасын да толук чечүүгө жол ачат. Баштапкы сөз же сөз айкашы менен жаңы белгилеништеги денотаттын образынын ортосунда асимметриялык байланыш орун алгандыктан, перифразаны да подтексттин бир учуру катары караса болот. Ошондой эле чыгармалардын аталыштарын да перифраза катары кароого болот. Аталыш менен тексттин ортосундагы байланыш перифразалык мүнөзгө ээ: текст аталыштын «кеңири, жайылган» перифразасы болсо, аталыш тексттин «өтө тыгыз аббревиатурасы» катары кызмат өтөйт. Демек, поэтикалык тилдеги перифразалар – сөздүн поэтикасынын өзүнчө изилдөө обьектисине айлана турган көрүнүштөр.

Перифраза образдан сөзгө өтүүнүн ыкмасы болсо, сөздөн образга өтүүнүн эң жөнөкөй ыкмасы болуп эпитет эсептелет. Ал берилген түшүнүктүн берилген контекст үчүн маанилүү, негизги деп табылган белгисин көрсөтүү функциясын ишке ашырат. Эпитеттин жардамы менен субстантивдик аталыш менен белгисинин ортосундагы атрибутивдик карым-катыш ишке ашат. Эпитет аныкталып жаткан түшүнүктүн типтүү, туруктуу белгисин эмес, жеке бир аспектилерин чагылдырган белгисин көрсөтөт. Алар өтө көп түрдүү келет, анткени алар аркылуу туюнтулган эмоциялар да ар түрдүү мүнөзгө ээ. Поэтикалык тилде стилистикалык жактан нейтралдуу аныктоочтор эмес, метафоралык же метонимиялык эпитеттерге көңүл бурулат. Эпитет менен аныкталгыч сөздүн семантикалык пландарынын ар түрдүүлүгү көп учурда күтүлбөстүк эффектисин жаратат, себеби түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыш реалдуулукка шайкеш келбейт. Ошондой эле эпитеттер инверсия, оксюморон, эналлага түрүндө да берилет. Алар ырдын жалпы ыргагын, муун өлчөмдөрүнүн бирдейлигин жана уйкаштыкты камсыз кылуу

www.nbisu.edu.kg

максатын көздөйт. Дегинкиси эле, ырдын синтаксистик түзүлүшүнүн бир түрдүүлүгү эпитеттердин жардамы менен жөнгө салынып, бекемделет.

Көркөм сөздүн поэтикасына байланыштуу маселелерди даанараак чагылдырып көрсөтүүдө сөздөн образга өтүүнүн татаалыраак жолу болуп метафора-салыштыруулар эсептелет. Поэтикалык тил үчүн мүнөздүү болгон бинардык метафоралар же метафора-салыштыруулар анчалык көнүмүш түшүнүктөрдөн эмес. Сөздөн образга өтүүнүн бул ыкмасында генитивдик конструкция аркылуу предметтик-көрсөтмөлүү лексика эмес, конкреттүү жана абстракттуу түшүнүктөр өз ара байланышып, генитивдик компонент же салыштыруунун предмети болгон жалпы түшүнүк туюндурулат. Мында бир эле метафоралык компонент түрдүү контексттерде бири-биринен абдан эле алыс турган түшүнүктөр менен байланыша алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Ар бир метафора-салыштыруу контекстте жаралып, контекст аркылуу аныкталат. Ал дүйнөнү көркөм кабылдоонун натыйжасы болуу менен, курчап турган чөйрөнүн түрдүү көрүнүштөрү жана фактыларынын ортосундагы жакындык же аналогияны тилдин жардамы аркылуу чагылдырып бере алат. Метафора-салыштыруу – чыгармачыл таанымдын маалыматтарын туюндуруунун жана сактоонун ыкмасы, поэтикалык тилдин негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири.

Метафора-салыштыруулар өзүнүн структурасында абдан татаал жана көп пландуу амбиваленттүүлүктү камтыйт. Ошондуктан аларда «образ образга» көбүрөөк өтөт. Метафоралуу компоненттин баштапкы предметтүүлүгү толук жоюлуп кетпестен, метафоралуу эмес компонентке өтөт, бул болсо генитивдик конструкциянын көп маанилүүлүгүнө алып келет. Метафора-салыштыруулардын структураларында «бүтүн менен бөлүктүн», «татаал менен жөнөкөйдүн» карым-катышы орун алган. Маселен, дене бөлүктөрүн метафоризациялоо: *Моокум канат өркөчтөнгөн дайралар/Өөп жатса <u>көпүрөнүн төшүнөн</u>* (Б.Сарногоев); зоологиялык денотаттар: *Гүлгө конгон <u>ырлардын көпөлөгүн</u>/Күлмүң этип калпак менен баса калам* (Т.Кожомбердиев)ж.б. метафора-салыштырууларды пайда кылган. Бир эле денотат ар түрдүү метафора-салыштыруулардын компоненти болуу менен, ар кыл ассоциацияларды жаратат. Метафора-салыштыруулар поэтикалык тилдин өнүгүүсүнө активдүү түрдө таасир тийгизүүчү көрүнүштөр катары терең изилдөөгө, классификациялоого муктаж жана көркөм сөздүн поэтикасынын негизги обьектилеринин бирине айлануусу талапка ылайык.

Көркөм сөздүн поэтикасына байланыштуу дагы бир маселе - паронимдик аттракция кубулушу поэтикалык тилде кеңири орун алганы менен, бүгүнкү күнгө чейин эле толук изилденбеген көрүнүштөрдүн катарында турат. Ошентсе да бүгүнкү күндө көркөм тексттин түрдүү деңгээлдеринин имманенттик түзүлүшүн сыпаттоо жетишсиз болуп, көркөм тексттин түрдүү деңгээлдик структураларынын ортосундагы байланыштарды изилдөө зарылдыгы паронимия боюнча иликтөөлөрдү шарттоодо.

www.nbisu.edu.kg

Паронимияны айтылышы жактан окшош, деривациялык жакындык белгилерине ээ болбогон ар башка уңгулуу сөздөрдүн ортосундагы парадигматикалык карым-катыштын системасы катары аныктоого болот. Ал конкреттүү тексттерде кеп тизмегиндеги паронимдердин жакындашуусу аркылуу жүзөгө ашып, паронимдердин семантикалык жакындыгы же карама-каршылыгы эффектилерин жаратат. Паронимияны жаратуучу тыбыштык жакындык даражасы эки окшош үнсүз түрүндөгү минимум менен чектелет. Поэтикалык практикага ылайык, окшоштук мында орфографиялык деңгээлде аныкталат. Үндүүлөрдүн дал келүүсү сөзсүз талап кылынуучу шарт эмес, көпчүлүк учурда үндүү тыбыштар кеңири чектерде – толук дал келүүдөн аттрактанттардын биринде редукцияланып кетүүгө чейинки чектерде – вариациялануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондой эле үнсүздөрдүн орун алуу тартиби да милдеттүү түрдө сакталуучу шарт болбойт. Тактап айтканда, паронимдик парадигмалар белгилүү бир консонанттык моделдин алкагындагы үндүүлөрдүн субституциясына негизделет.

Паронимия – тилдин синхрониясында обьективдүү семантикалык жана сөз жасоочу жалпылыктарга ээ болбогон сөз формаларынын контексттеги тыбыштык жакындыгы катары төмөнкүдөй семантикалык белгилерге ээ: 1) аттрактанттардагы квазинегиз лексика-грамматикалык жактан да, семантикалык жактан да диффузиялуу мүнөзгө ээ; 2) паронимияны жүйөлөө кандай багытта, кандай мүнөздө экенин көрсөтүү мүмкүн эмес; жүйөлөөнүн багыты амбиваленттүү мүнөзгө ээ; 3) паронимдик контекст ырдын берилген фрагментинин чегинде паронимдер үчүн функционалдык-маанилик кызмат аткарышы керек; 4) паронимдик уячалардын ассоциативдик талаасында экспрессемалар бири-бири менен байланышта болот; 6) ырдагы поэтикалык жана синтаксистик позициялардын көп түрдүүлүгү бир эле паронимдик түгөйлөрдү ар башка кырдаалдарда, ар башка эстетикалык мааниде колдонууга мүмкүнчүлүк берет ж.б..

Паронимияны төмөнкүдөй типтерге классификациялоого болот:

1) Вокалдык типтеги паронимия. Бул тип квазинегиздердин консонанттык түзүлүшүнүн дал келүүсү, консонанттардын белгиленген тартипте орун алуусу жана сөз формаларынын вокалдык жактан айырмачылыгы менен мүнөздөлөт. Мында вокалдык орун алмашуулар кеңири кездешет. Мисалы: *Каркыралар кайдадыр шашып барат/Кыркаар тарткан тоолорду ашып барат* – КРКР (Э.Ибраев) ж.б.

2) Метатезалык типтеги паронимия. Мында квазинегиздеги консонанттардын орун алуу тартиби туруктуу бекем болбойт. Паронимдердин бул тибинде да вокалдык орун алмашуулардын спектри абдан кеңири: *Көктүн көгүш көшөгөсү сүзүлүп…*- КГШ\КШГ (Т.Кожомбердиев) ж.б.;

3) Эпентезалык типтеги паронимия. Вокалдык типке жакын, бирок негиздик консонанттардын алмашуусу эмес, «негиздин» ичине дагы бир консонанттын кошулушу менен мүнөздөлөт: *Себеп болуп дарысынын түркүмү/Сеп алдырат мээриминин сүйкүмү* - СБП\СП (Ж.Мамытов) ж.б.;

www.nbisu.edu.kg

4) Консонанттык типтеги паронимия. Бул тип вокалдык типке карама-каршы келет, мында негиздин консонанттык жактан айырмачылыгы орун алат. Ал эми негиздин вокализмдери көп учурда дал келет. Кыргыз тилинде сингармонизм мыйзамы маанилүү ролго ээ экенин эсепке алуу менен, паронимдердин бул тиби бир кыйла кеңири тараганын байкоого болот: *Чыйырчык сулуу жаздын бир чымчымын/ Чыпыйтыпката келди канатына* – СыСыСы (Т.Кожомбердиев) ж.б.;

5) Аугменттик типтеги паронимия. Мында аттрактанттардын биринин консонанттык негизинин башына дагы бир үнсүз тыбыш кошулуусу орун алат: *Мактанчаак сөз кеткен кези баркынан/Актанчаак сөз кемиген кез наркынан* (С.Жусуев) ж.б. Поэтикалык тилде паронимиянын жогоруда көрсөтүлгөн типтеринин бардыгы орун алган. Айрым контексттерде паронимиянын бир эле эмес, 2-3 тиби катаралаш кезигет.

Поэтикалык тилде паронимиянын натыйжасында пайда болгон байланыштардын татаал системасы өзүнчө иликтөөгө алына турган көрүнүштөрдүн катарында туруусу зарыл. Ал эми паронимия көркөм адабияттын тилиндеги спецификалык кубулуштардын бири болгондуктан, лингвопоэтиканын, көркөм сөздүн поэтикасынын обьектиси болуусу талапка ылайык.

Поэтикалык чыгармалардын (ырлардын) аталыштары сөздүн көркөм чыгарманын структурасындагы ордуна жана ролуна байланыштуу маселелердин арасында маанилүү орунду ээлейт. Себеби көркөм чыгарманы изилдеп-үйрөнүүнүн бардык аспектилеринде эң алгач көзгө урунганы анын аталышы болуп эсептелет. Көркөм чыгармадагы көп маанилүүлүктүн сырларын ачууда, тексттин маңызын түшүнүүдө негизги факторлордун бири катары чыгарманын аталышын эсептөөгө болот.

Ыр түрүндөгү тексттин бардык деңгээлдери аталыш менен түздөн-түз корреляцияга ээ, тексттин доминанттык мүнөздөмөсү аталыш менен байланыштуу. Анткени ал поэтикалык тексттин тематикалык, композициялык жана тыбыштык түзүлүшүнүн баштапкы чекити деп саналат, башкача айтканда, аталышты ырдын текстинин кичирейтилген модели катары кароого болот. Анда ырга тиешелүү төмөнкү мүнөздөмөлөр: фоникалык жана метрикалык түзүлүштүн өзгөчөлүктөрү, тематикасы, композицисынын контурлары кыйла үнөмдүү формада чагылдырылат. Ошондуктан аталышты бүтүндөй чыгарманын деңгээлиндеги толук маанилүү, толук кандуу бирдик деп эсептөөгө болот. Ырда аталыштан башка бир да бирдик атайылап бөлүнүп турбайт. Ал тексттен мурда туруп, функционалдык жактан туруктуу позицияны ээлеши менен тексттик деңгээлдеги бирдик деп эсептелип, тексттин өзү менен аталышы «текст – метатекст» иерархиясынын түрдүү деңгээлдериндеги өз алдынча тексттер, же бирдиктүү тексттин эки подтексти, болбосо тема менен реманын поэтикалык аналогдору катары каралып жүрөт.

Структуралык түзүлүшү боюнча ырлардын аталыштары түрдүү сандагы компоненттерден турат. Грамматикалык түзүлүшү жана семантикалык мааниси боюнча аталыштарды жөнөкөй жана татаал деп

www.nbisu.edu.kg

бөлүштүрүүгө болот. Жөнөкөй аталыштар көбүн эсе номинативдик мааниге ээ болуп, жаратылыштагы жана коомдогу предметтик көрүнүштөрдү, кубулуштарды, абстракттуу логикалык түшүнүктөрдү билдирет: М.Алыбаев *«Кыял», «Кол жоолук»*, Т.Кожомбердиев *«Ал жетпестик», «Жашыл бойдон калгандар», Ж.*Мамытов *«Кыш босогосундагы сезим»,* О.Султанов *«Убакыттын добушу»,* С.Жусуев *«Кишимжандын булагы»,* Ж.Мамытов *«Ободогу күндөрдүн бир үзүмү»* ж.б. берилиши мүмкүн. Жөнөкөй аталыштар тексттин жалпы мазмунуна карата алганда түз да, метафоралуу да, символикалуу да болуп, жалпыланган маанини көрсөтүү менен, негизинен, тексттин жалпы маңызынан келип чыгат.

Ал эми татаал түзүлүштөгү аталыштар кадыресе сүйлөмдүк формага ээ болот. Мында аталыш-сүйлөмдүн семантикалык мааниси жалпы тексттин идеялык, семантикалык жана грамматикалык структурасын аныктоочу ролго ээ болот. Сүйлөм түрүндөгү аталыштар менен ырдын тексти «текст - метатекст» карым-катышына ээ деп айтууга болот: Ж.Бөкөнбаев *«Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга»,* О.Султанов *«Сүйүү деп жүрөк ырдасын»,* М.Алыбаев *«Атамдан корктум»,* Р.Шүкүрбеков *«Суу үстүндө термелип аккуу уктайт»,* Б.Сарногоев *«Сен мага бир кат жазчы»*, Ж.Мамытов *«Соруп жатты жондор булут мамасын» ж.б.*

Аталыш гана тексттин маңызынан келип чыкпастан, өзү да текст жаратуучу күчкө ээ. Мунун далили болуп суроо маанисиндеги аталыштар эсептелет. Мында текст аталыш аркылуу берилген суроого жооп болуп түшөт: С.Жусуев *«Кыялды кантип тыямын?», «Кара деген кандай сөз?»*, К.Акаев *«Киммин мен?»*, Т.Кожомбердиев *«Ким менен тостуң экен?», «Суктанбоого мүмкүнбү?»* ж.б.

Бардык эле ыр түрүндөгү тексттер аталышка ээ эмес. Ырлардын аталышка ээ/ээ эместиги жалпысынан ырдын түзүлүшүнүн сырткы жана параметрлеринен көз каранды. Ырларынын аталышка ээ/ээ эместиги акындардын идиостилин мүнөздөөдөгү маанилүү факторлордун бири катары илимий изилдөөлөрдө эске алынышы талапка ылайык. Демек, көркөм сөздү колдонуунун бир чөйрөсү болуп эсептелген аталыштар лингвопоэтиканын обьектилеринен бири катарында ар тараптуу, кеңири мүнөздөгү талдоого алынышы талапка ылайык.

Ишибиздин корутундусунда изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары белгиленди. Бирок бул жыйынтыктар кыргыз филологиясында жаңыдан калыптанып келе жаткан лингвопоэтикага жана анын конкреттүү изилдөө аймагы болгон көркөм сөздүн поэтикасына байланыштуу маселелер чечилип бүттү деп тыянак чыгарууга эч кандай негиз боло албайт. Себеби лингвопоэтиканын алдында турган маселелердин катары келечекте тыбыштык-семантикалык байланыштардын көрсөткүчү болгон паронимия, паронимдер сөздүгүн түзүү, аталыштардын лингвопоэтикасы жана аталыштар сөздүгүн түзүү, поэтикалык синтаксис, поэтикалык дейксис, экспрессемалар жана «упаковкалоочу каражаттар» жана

www.nbisu.edu.kg

алардын сөздүгүн түзүү, акын-жазуучулардын идиостили өңдүү конкреттүү проблемалар менен толукталышы талапка ылайык.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**


1. Лингвопоэтика жана анын статусу. //Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол, 2002, №4, 0,2 б.т., 26-30-бб.
2. Поэтикалык тил - лингвопоэтиканын обьектиси катары. //Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова. –Каракол, 2002, №8, 0,2 б.т., 173-176-бб.
3. Көркөм сөздүн ички формасы. //Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова. –Каракол, 2002, №8, 0,2 б.т., 177-180-бб.
4. Поэтикалык тил жана көркөм чыгарманын семантикасы. //Кыргыз тили жана адабияты. –Каракол, 2002, №4, 0,2 б.т., 22-25-бб.
5. Поэтикалык тилдеги перифраза проблемасы. //Кыргыз тили жана адабияты. –Каракол, 2002, №4, 0,3 б.т., 16-21-бб.
6. Көркөм сөз жана анын табияты. //Акад.Б.М.Юнусалиевдин 90 жылдыгына арналган «Б.Юнусалиев жана кыргыз филологиясы» илимий-практикалык конференциясынын материалдары. –Бишкек, 2003, 0,4 б.т., 204-211-бб.
7. Чыгармалардын аталыштарынын лингвопоэтикалык статусу жөнүндө. //Вестник БГУ, №1, 2003, 0,4 б.т.
8. Поэтикалык тилдеги паронимдик аттракция жана аны табияты. //Ж.Бөкөнбаевге арналган «Өрнөктүү өмүр, өчпөс талант» илимий макалалар жыйнагы. –Бишкек, 2003, 0,7 б.т.

www.nbisu.edu.kg

Көркөм сөздүн поэтикасы

АННОТАЦИЯ

Диссертациялык иште негизги маселелер катары көркөм чыгарманы комплекстүү түрдө изилдөөчү тармак болуп эсептелген лингвопоэтиканын актуалдуу проблемалары иликтөөгө алынган, анын филологиялык дисциплиналардын арасындагы статусу аныкталып, лингвопоэтиканын негизги обьектиси деп каралган поэтикалык тил түшүнүгү экспликацияланган; лингвопоэтиканын конкреттүү изилдөө аймактарынын бири – көркөм сөздүн поэтикасына байланыштуу айрым теориялык маселелер: поэтикалык тилдин бирдиги болгон сөздүн структурасы, сөз жана образдын карым-катышы, сөздүн формалдык түзүлүшү менен семантикасынын ортосундагы карым-катышы ж.б. маселелер талкууга алынган. өзгөчө, сөздүн көркөм чыгармадагы орду жана ролун талдоо лингвопоэтиканын орчундуу проблемасы катары каралгандыктан, бул маселеге байланыштуу теориялык жоболорду, көз караштарды айкыныраак чагылдырып берүү максатында тандалып алынган бир экспрессеманын, перифразалардын, эпитеттердин, бинардык метафоралардын, паронимдик аттракция кубулушунун жана чыгармалардын аталыштарынын лингвопоэтикасын кыргыз профессионал поэзиясынын материалдарынын негизинде сыпаттоо аракети жасалган.

Поэтика художественного слова

АННОТАЦИЯ

В диссертационной работе были рассмотрены актуальные проблемы лингвопоэтики как комплексной науки, изучаюүей художественное произведение, определен еө статус в ряду филологических дисциплин, эксплицировано понятие поэтического языка как основного обьекта лингвопоэтики; а также рассмотрены некоторые теоретические вопросы, относяүиеся к конкретной сфере исследований лингвопоэтики – поэтике слова: структура слова как единицы поэтического языка, соотношение слова и образа, соотношение между формальной структурой и семантикой слова и др.

Вопросы, связанные с определением роли и места слова в художественном произведении, были раскрыты в связи с проблемой экспрессемы, перифраз, эпитетов, бинарных метафор, паронимической аттракции и лингвопоэтики заглавий на материале кыргызской поэзии.

The poetics of an art word.

ANNOTATION

In this thesis work the following problems in the field of linguopoetics like composite science, researching belles-lettres and its status were determined among the phylological disciplines. The meaning of the poetical language was explicated as the basic object of linguistics. Some

www.nbisu.edu.kg

theoretical problems concerning the concrete field of researching the linguopoetics and the poetics of the word: structures of words as the unit of poetical language, correlation of words and the image, correlation between formal structure and semantics of words were considered.

Problems concerning the determination of roles and place of a word in belles-lettres were solved according to the problem of expresssems, periphrases, epithets, binar-methaphors, paronimical attraction and lingopoetics of titles on the basis of materials of the Kyrgyz poetry.